- корутунду чыгара билүү;
- академиялык текст жазууга багыт алуу.

Кийинки сабактарда бул багытта ишти улантуу аркылуу көндүмдөр калыптандырылат.

Белгиленген натыйжаларга жетишүү максатында жогоруда колдонулган усулдук ыкмаларды сабактарда пайдалануу сунушталат. Ошондой эле студенттердин академиялык тексттин түзүлүшүн аныктап, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүдө Бенжамен Блумдун таксономиясын пайдалануу да жакшы натыйжа берет.

Адабияттар

1. Камбаралиева, У. Кыргыз тили академиялык окууда жана жазууда [Текст]/ У. Камбаралиева, Г. Шабралиева, Ж.Жапарова. –Бишкек, 2019. –189 б.
2. Квициния, М.Б. Академическое письмо [Текст]: Учебное пособие/ М.Б Квициния, –Сухум, 2018. –144 с.
3. Короткина, И.Б. Академическое письмо: процесс, продукт и практика [Текст] / И.Б.Короткина. –Москва, 2020. –296 с.
4. Мередит, К. С. Критическое мышление: углубленная методика. Пос. IV // Подготовлено в рамках проекта «Чтение и письмо для Критического мышления». [Текст] / К. С. Мередит, Дж. Л. Стил, Ч. Темпл. — М.: Изд-во «ИОО», 1997.− 55 с.
5. Миңбаев, К. Психология [Текст] / К. Миңбаев, А. Закиров. –Ош, 2010. –255 б.
6. Умаров, Т. Социалдык психология предмети боюнча усулдук колдонмо [Текст] / Т. Умаров, А. Борсонов. –Ош, 2010. – 112 б.

**УДК 37.035.3** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.439**

## ТЕХНОЛОГИЯ (ЭМГЕК) САБАКТАРЫНДА КАГАЗДАН ОЮНЧУК ЖАСОО ЖОЛДОРУ

**Садирова П.А. - ОшМПУ Окутуучу**

## СПОСОБЫ СДЕЛАТЬ ИГРУШКУ ИЗ БУМАГИ НА УРОКАХ ТЕХНОЛОГИИ (ТРУДА)

**Садирова П.А. - ОшГПУ, Преподаватель**

## WAYS TO MAKE A TOY OUT OF PAPER IN TECHNOLOGY (LABOR) LESSONS

**Sadirova P.A. - OSHGPU, Teacher**

**Аннотация**

Эмгек сабактарында кагаздан оюнчук жасоо – бул балдардын чыгармачылыгын, эмгекке болгон кызыгуусун жана кол өнөрчүлүк жөндөмдөрүн өнүктүрүүчү маанилүү иш-аракет. Бул макалада кагаздан оюнчук жасоонун педагогикалык негиздери, бала үчүн пайдалуулугу жана ийгиликтүү ишке ашыруу жолдору каралат. Макалада кагаздан жасалган оюнчук балдардын майда моторикасын жакшыртууга, логикалык ойлонуусун өстүрүүгө жана чыгармачылыкка шыктандырууга жардам берерин белгилейт.

Эмгек сабагында мындай иштерди аткаруу балдарга эмгек сүйүүсүн жана өз эмгегинен канааттанууну үйрөтөт. Мектепте кагазды кесүү, бүктөө, боёо жана конструкция түзүү сыяктуу иш-чаралар аркылуу балдар өз идеяларын ишке ашырууга үйрөнүшөт.

Кагаздан оюнчук жасоо учурунда балдар өз ойлорун жана идеяларын бөлүшүп, бири-бири менен иштешет. Бул процессте балдар бири-бири менен диалог жүргүзүп, бири-биринин ишин баалап жана туура кеңештерди бере алышат.

Бул макала кагаздан оюнчук жасоонун педагогикалык маанисин терең түшүндүрүп, мугалимдер үчүн практикалык кеңештерди сунуштайт.

**Ачкыч сөздөр:** эмгек сабагы, материал, картон, шаблон, аппликация, конструкциялоо, кагаз, вариант, мугалим, диагонал, жаныбар, канаттуу

**Аннотация**

Изготовление игрушек из бумаги на уроках труда – важное занятие, которое развивает у детей творческие способности, интерес к работе и навыки рукоделия. В этой статье рассматриваются педагогические основы изготовления игрушки из бумаги, ее полезность для ребенка и способы успешной реализации. В статье отмечается, что игрушка из бумаги может помочь детям улучшить мелкую моторику, развить логическое мышление и вдохновить на творчество. Выполнение такой работы на уроках труда учит детей трудолюбию и удовлетворенности своим трудом. В школе дети учатся воплощать свои идеи в жизнь с помощью таких действий, как вырезание, складывание, раскрашивание и создание конструкций из бумаги.

Во время изготовления бумажной игрушки дети делятся своими мыслями и идеями и работают друг с другом. В процессе дети могут вести диалог друг с другом, оценивать работу друг друга и давать правильные советы.

Эта статья подробно объясняет педагогическое значение изготовления игрушки из бумаги и предлагает практические советы для учителей.

**Ключевые слова:** урок труда, материал, картон, шаблон, аппликация, конструирование, бумага, вариант, полынь, диагональ, животное, птица

**Annotation**

Making paper toys in labor lessons is an important activity that develops children's creativity, interest in work, and needlework skills. This article discusses the pedagogical foundations of making a toy out of paper, its usefulness to a child, and ways to successfully implement it. The article notes that a paper toy can help children improve fine motor skills, develop logical thinking and inspire creativity. Doing such work in labor lessons teaches children hard work and satisfaction with their work. At school, children learn to bring their ideas to life through activities such as cutting, folding, coloring, and creating paper designs. During the making of paper toys, children share their thoughts and ideas and work with each other. In the process, children can have a dialogue with each other, evaluate each other's work and give the right advice. This article explains in detail the pedagogical significance of making paper toys and offers practical advice for teachers.

**Key words:** labor lesson, material, cardboard, template, application, construction, paper, variant, wormwood, diagonal, animal, bird

Эмгек сабагы – бул мектеп окуучуларынын чыгармачылыгын, эмгек сүйүүсүн жана кол өнөрчүлүк жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул сабакта балдар ар кандай материалдардан, анын ичинде кагаздан, пластиктен, жыгачтан, металлдан жана башкалардан өнөрчү буюмдарын, оюнчуктарды жасоону үйрөнүшөт. Кагаздан оюнчук жасоо – бул гана эмес, балдар үчүн кызыктуу иш, ошондой эле аларга маанилүү кол өнөрчүлүк дағдыларын үйрөтүүчү иш-чара. Бул макалада кагаздан оюнчук жасоонун алгачкы кадамдарын жана анын бала үчүн пайдалуулугун карап чыгууга аракет кылабыз.

Эмгек сабактарында башка материалдарга караганда кагаз жана картон кеңири колодонулат. Кагаздардын ар кандай түрлөрү пайдаланылат: түстүү кагаз, столдук, мрамордуу, ныгырып басылган, жылтырак. гүлдүү, баркыт, крептен жасалган, металлдаштырылган. Тыш болуучу кагаздын түрлөрү мукабалоочу жумуштарда, аппликациялоо жумуштарында колдонулат. Балаты оюнчуктары жана жасалгалар, белек буюмдарынын түрдүү тетиктери, дидактикалык колдонмолор толук бойдон боёлгон же түстүү кагаздардан жасалат. Арналышына жараша касиеттерине ээ болгон кагаздын түрлөрүн тандашат [2].

Кагаздан оюнчук жасоо – бул баланын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет. Бул процессте бала өзүнүн фантазиясын колдонуп, жаңы идеяларды ишке ашырат, конструкцияны түзүү жана аны жаратканда логикалык ойлонуу жөндөмүн ишке салат. Бул өз кезегинде баланын чыгармачылыгын өстүрүүгө багытталган негизги элементтердин бири болуп саналат.

Кагаздан оюнчук жасоо процесси баланын кол менен иштешүү жөндөмүн жана майда моториканы жакшыртат. Кагазды туура кайчылаш же бүктөө, чийүү, желим менен бекитүү – бул бардык иштер баланын колун жакшыраак башкарууга жардам берет. Бул иш-аракеттер балага акыл-эстик өнүгүүсүн да камтыйт.

Шаблондорду жана трафареттерди, саноочу материалдарды, карточкаларды, кутуларды даярдоо үчүн калың, катуу, тыгыз кагаздар зарыл, жээктөөдө жалтырак ныгырып басылган же мраморду кагаздар колдонулат. Буюмдардын сырткы көрүнүшү, сапаты көпкө туруучулугу кагазды туура тандай билүүгө көз каранды. Башталгыч класстарда окуучулар кагазда жана картонду иштетүүдө: кесүү, бүгүү, тешүү менен, кагаз жана картондон жасалган буюмдун тешиктерин желимдин, жиптин, сымдын, чырмоо жолу жылчыкты бекитүүнүн жардамы аркылуу бириктирүү менен таанышышат. Кагаздын жана картондун суу учурунда ага каалагандай форманы берүүгө боло тургандыгын, кургаганда алар мурдагыдай абалын сактап калаарын балдар практикадан билишет [5].

Кагаздан жана картондон конструкциялоо үчүн төмөнкүдөй аспаптар жана куралдар керек: сызгыч, бурчтук, жөнөкөй жана түстүү карандаштар, үлгүлөр, трафареттер (2-класстан баштап, циркуль, масштаб сызгычы) таптагыч, кайчылар, жылмалоочу кагаз. Бул аспаптар менен иштөө ыкмаларын балдар башталгыч класста өздөштүрүүлөрү тийиш, анткени алган билимдери жана машыгуулары адамдын турмушунда көп жылдар бою колдонулат.

Адегенде эмгек сабактарында башка сабактарга колдоно турган буюмдарды жасашат. Мындай буюмдарга калдыктар үчүн чүнтүктүрү бар төшөлүүчү барак, жөнөкөй папка, саналуучу материалдар, тамгаларды, картиналарды сактоочу бүктөмө сумка ж б кирет. Биринчи сабактан баштап эле балдарды ишке кызыктыруу жана алар жасагандардын мааанилүүлөрүн жана керектүүлөрүн көрсөтүү зарыл. Кагаз менен иштөө процессинде гана балдар биринчи жолу эмгектин бөлөнүшүн жөнөкөй түрлөрү менен материалдарды белгилөө жана бычуудагы тактыктар жөнүндөгү түшүнүктөр менен таанышат.

Мисалы: 1-класста биринчи чейректе окуучулар эки-экиден иштеп, бирдей өлчөмдөгү экиден тетикти белгилөөгө жана жасоого – бирөө өзү үчүн, экинчиси жолдошу үчүн - тапшырма алышат. Бул тетиктерден кийин ар бири өздөрүнүн бюмдарын чогултушат. Тетиктерди желимдөөдө балдар ченөөлөрдө тактыктын өтө маанилүү экендигине ишенишет: эгер бир эле тетик берилгендегиден кичине болуп калса, тетиктерди эп келиштирүүдө балдар чоңураак болуп калгандарын кесүүгө туура келет. Кагаздын түзүлүшүн жана касиетин бүгүү жана жыйып салуу операцияларын аткарууда эске алуу маанилүү [1].

Башталгыч класстарда эмгек сабактарында алгач бүктөө операциясы аткарылат. Андан соң-белгилөө, өлчөө, чийүү, кыркуу, конструкциялоо, желимдөө, аппликациялоо, кооздоо, жээктөө жумуштары аткарылат. Бүктөө башка эмгек операцияларына караганда жеңил, себеби бала мектепке келгенге чейин эле бир нече жолу бүктөп оюнчуктар жасаганды билет. Бүктөө боюнча оюнчуктар жасатууда мугалим төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл: эгер белгиленген бүктөө сызыгын бойлото сызгыч боюнча таптагыч менен таптап өтсө, кагазды бүктөө тез, ыңгайлуу жана тыкан болот.

Аспаптын учу тегиз из калтырат (арыкча), анткени кагаздын буласын басат, кысат жана сындырат. Ошол из боюнча кагаздын барагын жеңил, так жана тегиз бүктөөгө болот. Кагазды бүктөгөндөн кийин дагы бир жолу бүктөө сызыгы боюнча таптагычты жүргүзүү пайдалуу. Ар бир оюнчук жасатып жатканда жогорудагыларды эске алуу керек. Төмөндө түстүү кагаздардан бүктөм ыкмасы аркылуу бир нече оюнчуктарды жасоонун жолдору көрсөтүлгөн мезгил жаңы, жашоо жаңы.

Оюнчуктар дүйнөсү күн санап бай жана кызыктуу оюнчуктар менен толукталып олтурат. Сүйлөөчү, ыйлоочу куурчактар, роботтор, учуучу ракеталар, жүрүүчү автомобилдер, жыгачтан, металлдан, пластмассадан жасалган «конструкторлор», жумшак оюнчуктар-балдардын жан дүйнөсүн байытат. Бирок ошол кубаныч тартуулоочу оюнчуктарды өз колдору менен жасоого эмне жетсин. Өз көз алдында бир жансыз барак кайыкчага айланса, сууга салсаң, сүзүп турса не деген бакыт [4].

Буга кошумча ошол кайыкчага кыпкызыл желекчени аппликациялап койсок - мындан өткөн кубаныч болбосо керек. Ушундай кубанычты тартуулоо үчүн башталгыч класс мугалимдери, тарбиячылар, жаш ата-энелер кагазды «конструкциялоонун» сырларын билүүлөрү керек. Ошондуктан мен кагазды бүктөөнүн эң жөнөкөй ыкмаларын тартуулагым келет. Кагаз жана картон оюнчуктарды жасоо үчүн эң ыңгайлуу жана жеткиликтүү материал. Түстүү кагаздан «орига» ыкма менен оюнчуктар жасоо балдардын көркөм табитин, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт.

Бул процесс учурунда эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү менен кагазды иштетүүдө кеңири колдонулуучу, бүктөө, бир нече жолу бүктөө, бүгүү, кыркуу, желимдөө жөндөмдүүлөктөрүн өнүктүрөт. Ошону менен бирге, балдардын көз болжомолдору, кон жана манжаларынын кыймылдары, кабыл алуу, көңүп буруу, элестетүү сыяктуу сапаттары өнүгөт. Бүктөм ыкмалары менен оюнчук жасоо, этаптар боюнча жүргүзүлөт. Алгач демонстрациялап көрсөтүп беришет да, андан соң кайталоо иретинде технологиялык картанып негизинде өзүлөрү жасашат. Жасаган оюнчуктары кооз болсун үчүн, кошумча деталдан: көз, канат, таажы, кулак, мурун, куйрук ж.б. желимделет.

«Орига» байыркы Японияда кеңири колдонулган ыкма кагаздардан бүктөм ыкмасынын жардамында оюнчуктар жасоо» дегенди түшүндүрөт. Балдарга «орига» түшүндүрмөсү берилбейт «Бүктөм ыкмасы менен оюнчуктар жасоо» деп берилет. Бул болсо балдардан, каалоо, кызыгуу, чыдам талап кылат. Бүктөм ыкмасы менен оюнчуктарды жасоону жаныбарлардын фигурасын конструкциялоо менен баштайбыз, себеби бала жансыз буюмга караганда жаныбарларды сүйөөрү бизге маалым.

Оюнчуктарды 3 группага бөлүп алабыз. 1-группа. Баканын жана 4 ыкма менен жасалган балыктардын фигурасы. (1-таблица)

2-группа. Үй канаттууларын, суудагы жашоочу, экзотикалык куш. Короз, көгүчкөн, өрдөк, ак куу, тотукуштардын фигуралары (2-таблица)

3-группа. Окуучуларга жакындан тааныш болгон жаныбарлар: коён, ит, тыйын чычкан, пил, тюлень. (3-таблица) Эң алгач 1-группадагы оюнчуктарды жасаганга киришебиз. Ишти бака жасоодон баштайбыз (1-таблица, 1-сүрөт). Бака жасоо үчүн балдар жашыл же күрөң түстөгү түстүү кагазды алышат.

Алган квадрат негиздеги баракты диогнал боюнча бүктөшөт, ошол эле багыттагы сызыкчадан кыйгач бүктөмдү алдын көздөй бири-бирине карата бүктөшөт. (1-таблица а,б,в). Артта бүктөлгөн сызык боюнча артын көздөй кичинекей бурчтуктарды бүктөшөт, бул баканын буттары (г). Андан соң эки кичинекей айлана (кара) киргизет. Бул көзү. Кызыл түстүү кагаздан квадрат кыркып алышат да баканын алдыңкы колдорун желимдешет. Даяр бака фонго желимденди. Фондун чоң кичинелиги, түсү, жасаган оюнчугубуздун түсүнө, көлөмүнө байланыштуу болот.

Биринчи варианттагы балыкты жасоодон мурда 4 түрдүү балыктын үлгүсүн көрсөтөбүз. Балыктар эмнелери менен айырмаланып тураарын түшүндүрөбүз. Биз жасай турган балыктар - ар түстөрү, бул сырткы формалары менен айырмаланып турушат. Ошондой эле жасалуу жолдору менен да айырмаланышат. Квадрат негиздеги кызыл же сары түстүү кагазды алабыз, квадратты үчкө бүктөйбүз, биринчи диагоналы боюнча экини карама-каршы диагоналы боюнча, үчүнчү бурчтук пайда кылуу үчүн ортосунан бүктөйбүз. Эки кабат үч бурчтук пайда болду. (1-таблица, 2-сүрөт а,б). Балыктын куйругун жасоо үчүн таблицада көрсөтүлгөн абалда кыркабыз (в). Көздөрүн ак, көгүш же күрөң түстөн жасайбыз (г). Экинчи варианттагы балык жасоо ыкмасы менен да бир аз өзгөчөлөнөт. Көгүш же көк түстөгү түстүү баракты алабыз, квадрат негизге келтиребиз. Диагоналы боюнча бүктөсөк үч бурчтук пайда болот. Технологиялык картада көрсөтүлгөндөй кылып балыктын деталдарын белгилеп алабыз. Башы, денеси, куйругу, сүзгүчү. Жогорку үч бурчтукту артын көздөй, оң жактагы үч бурчтук менен сол жактагы үч бурчтукту артын көздөй жогору карата бүктөйбүз. (1-таблица, 3-сүрөт а, б). Акырында көзүн аппликациялайбыз.

Биз эми жасай турган балыктар биз буга чейинки жасаган балыктардан татаалыраак экенин, сөзсүз мугалимдин контролу аркылуу ишти улантарыбызды балдарга эскертебиз.

Алгач квадратты диагоналы боюнча бүктөйбүз. Карама-каршы диагоналы боюнча ар бир бурчунан 1,5 см. өлчөмүндө кыркабыз. Бөлүнгөн диагоналды үч бурчтук абалында бүктөйбүз (1-таблица, 4-сүрөт а, б). Бул татаал операцияны мугалимдин контролу аркылуу аткарышат. Бурчтарды тең ортосунан сүзгүчтөр пайда болгондой кылып бүктөшөт (в) башкы бөлүгүндөгү үч бурчтукту ичин көздөй бүктөшөт (г). Көздөрүн кооздоо менен ишти аяктайбыз. Эн акырында жасай турган балыгыбыз дагы да татаалыраак экенин эскертебиз. Квадратты диагонал боюнча бүктөйбүз, бөлүнгөн квадратты башкача айтканда пайда болгон үч бурчтукту карама-каршы диагонал боюнча бүктөйбүз, эки четинен дагы үч бурчтук болгондо бүтөйбүз (1-таблица, 5-сүрөт а,б). Үч бурчтукта 8 үч бурчтук пайда болду. Кийин телосунун контурун белгилейбиз. Четки сызыктарынан биринчи катардагы үч бурчтуктардан сүзгүчтөрүн, куйругун жасайбыз (в, г). Декоративдик жасалгалоо биз кыйынчылык менен жасаган балыгыбызга кооздукту тартуулайт [5].

Эң акырында (д) көздөрүн, сүзгүчтөрүн, куйругун, ачык түстүү кагаз менен кооздойбуз. Ар кандай жаныбарлардын фигурасын жасоодо жумушту короздун денесин жасоодон баштайбыз. Квадрат негиздеги ак, кара, сары түстөгү түстүү кагазды диагонал боюнча бүктөйбүз. Ортоңку сызыкка четки грандарын дал келтирип он жана сол жакты ортоңку сызыкты көздөй тең ортосунан бүктөйбүз. Түстүү жагынан короздун башы, куйругу белгиленет. Арткы үч бурчтукта жогору көздөй бүктөп оюнчугубуздун куйругун жасашат. Көз божомолдоо менен тумшугун жасайбыз. Үч бурчтукту ичин көздөй бүктөйбүз. Эң акырында кызыл түстүү кагаздан таажысын, көздөрүн жасап кооздоп коёбуз (2-таблица, 1-сүрөт а, б, в, г).

Көгүчкөндүн фигурасын көк, ак, бозомук түстүү кагаздан жасоого болот. Түстүү баракты горизонтал багыты боюнча тең экиге бүктөйбүз. Жогору бөлүнгөн ортоңку сызыкты көздөй үч бурчтуктарды жасайбыз. Кайрадан горизонт сызыктарын бириктиребиз (2-таблица, 1-сүрөт а, б). Ушул бүктөмгө параллель төмөнкү бурчунан акырына жеткирбей кыркабыз. Бул көгүчкөндүн куйругун жасоо үчүн (в) төмөнкү эки деталды жогору карай бүктөйбүз. Көгүчкөндүн канаттары пайда болду. Тумшугун короздун тумшугун жасаган сыяктуу үч бурчтуктарды ичин көздөй бүктөйбүз. Көгүчкөнүбүздүн көзүн аппликациялайбыз, Оюнчугубуз даяр, кара түстүү кагаздан тоту кушту жасоо бир аз чыгармачылыкты талап кылат. Жашыл, көгүш, кызыл түстүү кагазды алабыз. Квадрат негизге келтиребиз. Алгач горизонтал боюнча тең экиге бүктөйбүз. Оң жана1 сол бөлүгүн борборду көздөй тең экиге бүктөйбүз. Квадратыбыз тептең 4 бөлүккө бөлүнүп калды. Көгүчкөндү бүктөгөн сыяктуу жогору жагынан үч бурчтуктарды бүктөйбүз. Түстүү жагын көздөй оң жана сол жак бөлүгүн бүктөйбүз (2-таблица, 3-сүрөт а, б) [5].

Горизонт сызыгы боюнча дагы тең ортосунан бүктөйбүз, төмөнкү бөлүгөнөн сүрөттөө көрсөтүлгөндөй кылып сызыкты артын көздөй бүктөйбүз (г), бул тоту куштун куйругу. Тумшугун короз, көгүчкөндүн тумшугун жасагандай сыяктуу жасайбыз. Тандап алган түсүбүзгө контраст түстөн айлана жасайбыз. Тоту куш кызыл болсо - көгүш айлана, көгүш болсо - сары же көк түстөн айлана жасайбыз. Бул тоту куштун бөркү. Көзүн жасайбыз. Биз каалаган тоту куш колубузда. Өрдөк да жогорудагы тааныш ыкма менен жасалат. Тоту кушту жасоодогу ыкманын биринчи, экинчи, үчүнчүсүн кайталайбыз.

Ишти (2-таблица, 4-сүрөт б, в, г) боюнча улантабыз. Ак куу бир аз башкачараак ыкма менен жасалат. Квадрат негиздеги ак барак диагоналы боюнча бүктөлөт. Четки эки бөлүгү тең ортосун көздөй экиге бөлүнөт, (2-таблица, 5-сүрөт а, б). Фигуранын узунураак бөлүгүнөн үч бурчтукту жогору бүктөп ак куунун мойнун, кыска бөлүгүнөн ушул эки жол менен бүктөп куйругун жасайбыз (в). Ак куунун тумшугун жогоруда жасаган канаттуулардын тумшугу сыяктуу кылып бүктөп жасайбыз да эки жагына кара түстүү кагаздан көз жасап кооздоп, ак кууну сууга сүздүрүп ойнойбуз. Мына биз он оюнчук жасадык өзүбүз эле эмес канча-канча балдарга кубаныч тартууладык. Жасаган короздорубуз ку-ка-ре-куулайт, көгүчкөн сыяктуу үн кагат, тоту куш сыяктуу сүйлөйт, өрдөк, ак куу, балык сыяктуу сүзүшөт. Эми биз балдарыбызга ишенип, мындан да кызыктуу оюнчуктарды жасоолорун баяндайбыз. Жаныбарларды жасоо дагы да кызыктуурак.

Балдар жаныбарлардын өзгөчө белгилерине көңүл бурушат. М: Коёндун кулактары узун, арткы буттары кыска, пилдин тумшугу узун, тыйын чычкандын куйругу узун, тюлендин денеси чоң. Балдарга жеңил болсун үчүн ишти коёндун фигурасын жасоодон баштайбыз себеби, биринчи эки операция балдарга тааныш ак кууну жасаган иштерин кайталашат (3-таблица, 10-сүрөт а, б). Кийин борбордук сызыкты үчтөн бир бөлүгүн кыркышат да коёндун башын, кулагын белгилешет (б, в). Алдыңкы колдорун деталдын сол бурчун бүктөө менен жасашат. Кулактарын типтик узун - бирин жогору, бирин бир аз төмөнгө бүктөйбүз (3-таблица, 2-сүрөт а, б).

Даяр фигуранын кыска бөлүгүнөн пилдин арткы бөлүгүн, узун бөлүгүнөн мурдун жасап алабыз (в, г). Акырында сүрөттө көрсөтүлгөндөй төмөн жагынан кыркабыз да көздөрүн кооздойбуз (д). Пилге минип Индияга саякатка жөнөсөк болот. Күчүктү балдар сүйүп жасашат. Күчүктү жасоо үчүн 2 бирдей түстөгү түстүү кагаз колдонупат. Денеси, башын өз алдынча жасап алабыз, квадрат негиздеги баракты диагоналы боюнча бүктөйбүз, үч бурчтуктун төмөн жагынан оңго, солго кичинекей үч бурчтуктарды бүктөйбүз (3- таблица, 3-сүрөт а, б). Четки бурчтуктардан төмөн карай бүктөп кулактарын жасайбыз. Денесин жасоо үчүн да квадратты диагоналы боюнча бүктөйбүз.

Четки эки гранын ортосун коздой бүктөп, төмөн жагынан да артын көздөй үч бурчтуктарды бүктөйбүз (3-таблица, 3-сүрөт д, е, ж). Жогорку үч бурчтуктун төмөн жагын артын көздөй бүктөйбүз (з). Күчүктүн денесине башын бириктирип, көздөрүн кооздоп ишти аяктайбыз (и). Кароолчу итибиз оюнчуктарыбызды кайтарганга даяр. Тыйын чычкандын фигурасын өз алдынча технологиялык карта боюнча иштөөлөрүн сунуш кылабыз. Тыйын чычканды жасаган бала тюлендин фигурасын кыйналбай эле жасап алат. Тюлендин башын жогору карата бүктөйбүз, арткы буттарын төмөн карай бүктөйбүз (3- таблица, 5-сүрөт а, б, в).


Ушул эле жол менен пингвинди өз алдыларынча жасаганды сунуш кылабыз. Тюленден айырмасы - тюлень горизонтал абалда турса, пингвин вертикал абалында болот, Балдарга оюнчуктарды жасап, өздөштүрүп бүткөндөн кийин, күчүктүн энесин, тыйын чычкандын баласын, пилдин балдарын, коёндун бөжөктөрүн, короздун тоогун, жөжөлөрүн кошо жасоолорун сунуш кылабыз.


Иштин мазмуну, жүрүшү эч өзгөрүлбөйт. Болгону кагаздарыбыздын көлөмү боюнча чоң же кичине болгондугу оюнчугубуздун мазмунун өзгөртөт М: чоң квадрат негиздеги көгүчкөндүн энесин, эгер кичинекей квадратты ушул эле ыкма менен бүктөсөк көгүчкөндүн балапанын жасашыбыз мүмкүн. Балдар өлчөм чоң мааниге ээ экендиктерин туюшат. Бир эле ыкма менен бир нече оюнчук жасоо балдардын өз алдынчалыгын өнүктүрөт. Улам баракты кичирейтип олтуруп бир нече күчүктөрдү жасашы мүмкүн, күчүктөргө ат коюшу мүмкүн. Баракты чоңойтуп отуруп тоту куштун энесин жана башкача айтканда ургаачы, эркек тоту куштарды жасап алышат. Жасаган иштери чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп өз алдынча иштөөлөрүнө өбөлгө түзөт [3].


Эмгек сабагында кагаздан оюнчук жасоо – балдар үчүн чыгармачылык процесстин маанилүү бөлүгү, анткени бул иш ишмердүүлүк, эмгек сүйүүсүн жана кол өнөрчүлүктү үйрөтүү аркылуу балдардын жалпы өнүгүүсүнө чоң салым кошот. Орус жана кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрү жана макалалары, эмгек сабагында балдарга өз эмгеги менен оюнчук жасоону үйрөтүүнүн маанилүүлүгүн жана анын баланын логикалык ой жүгүртүүсүн, кол моторикасын жана чыгармачылыгын өнүктүрүүгө кандайча таасир этерин көрсөтөт.


**Адабияттар:**


1. Акматов Д.А., Бердибаева С., Маркова Р.А. Көркөм өнөр булагы. – Бишкек: Педагогика, 2002.
2. Акматов Д.А., Оторбекова А.М. ж.б. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-7-класстары үчүн Көркөм өнөр предмети боюнча Программа. - Бишкек, 2018.
3. Гулуева Т.С. Технология. М.: 2008
4. Лутцева Е.А., Зуева Т.П. Технология. М.: 2022
5. Материалы региональной научно-практической конференции. Ош-2001



1
а)
б)
в)



б)
в)
в)



б)
г)



д)
б)
в)
г)



1
а)
б)
в)
г)


а)
б)
в)
г)


а)
б)
г)
д)


а)
б)
в)
г)


а)
б)
в)
г)


1 а) б) в) г) д)
2 а) б) в) г) д)
а) б) в) г)
д) е) ж) з) к)
4 а) б) в) г) д)